УДК:1:2

Тиленбаев А.М., Cооронбаев Ч.К.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# ТЕҢИРЧИЛИК – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫ ЖАНА ФИЛОСОФИЯСЫ

*Бул макалада кыргыз философиясындагы «Теңирчилик» жөнүндөгү ойлор козголду. Мезгил талап кылган философиялык гипотезалар баарына, албетте, кызыктуу жана терең изилдөөнү талап кылат.*

Азыркы учурда «көчмөндөр цивилизациясы», «көчмөндөр дүйнө таанымы» түшүнүктөрү илимий аппарат катары калыптануу процессинде. Андыктан жаңы түшүнүктөр өзүнө тиешелүү мазмуну, бөтөнчөлүгү менен айырмаланат. Жаңы таанымды түрдүү көз караштар, айырмалуу пикирлер коштоп өнүгө тургандыгы маалым. Ошолордун катарында «көчмөндөр дүйнө таанымы» өз доору менен тикелей байланышкан этностор чөйрөсүндө гана эмес, Европа маданияты тарабынан да кызуу талкууга алынууда.

Бул маселеге байланыштуу, бөтөнчө, Н.Гумилевдун, Ч.Өмүралиевдин «Теңирчилик», М.Мукасовдун «Кыргыз элинин философиялык ойлорунун тарыхый динамикасы», Ш.Акмолдоеванын «Духовный мир кыргызов», С.Байгазиевдин, Д.Сарыгуловдун «Теңирианство» ж.б. эмгектерине кайрылууга болот. Теңирчилик – универсалдуу мүнөзгө, аппаратка ээ болгон системалуу дүйнө таанымдын формасы. Теңирчиликтин системалык-аналитикалык мүнөзү жагдай менен байланышкан. Анда Аалам үч элементке ажырайт: Асман, Жер, Адам. Ал эми теңирчиликтин диалектикалык мүнөзү ушул элементтердин синтези, б.а., элементтер бири-бири менен ажырагыс байланышта жуурулушуп, бири-бирин шарттап, табигый жалпы мыйзамга байланып турат.

Аталган идея кыргыз элинин табышмагында «Башы көктө, буту жерде. Бул эмне?» деп символикалуу камтылган. Мындай түшүнүк коомдук турмуштун түркүн алкактарында чагылдырылган, т.а., көчмөндөрдүн турмушунан ажыратылган абстрактуу идея эмес, жашоонун руханий, материалдык чөйрөсү менен байланышкан, адамдын жанына, канына синген идея экендигин күбөлөйт.

Бул үчилтик иерархиялык–курамдык мүнөзгө ээ, себеби түрк жазуусу сүйлөгөндөй: «Алгач үстүндө Көк Тенир, астында Кара Жер жаралган». Байыркы кыргыздар Теңирге гана эмес, Жер, Суунун ээси, пири ар башка деп сыйынып, ар бирине арнап, курмандык чалынган. Алар: Ак Бака, Ак Тайлак, Чолпон Ата, Камбар Ата, Шаймерден, Сулайман, Бугу, Багыш ж.б. Мындай сүрөттөө айлана-чөйрөнү чулгап, жылчык калтырбай чүмкөп турат. Идея универсалдуу. Үчилтик системада кийинки орун Адамга ыйгарылган. Адам иерархиянын үчүнчү элементи катары өзүнөн жогорку турган элементтерге көз каранды. Адамдын жолу, жашоо нугу, багыты маңызы Теңир менен да, Жер, Суу, Табият менен да аныкталат. Теңирчиликтин ажырагыс биримдиги Асман, Жер, Адамды бир бүтүн катары кабылдоодо, аларды бири-бирине байланыштырып, Тенирчиликтин маңызын түзүү бул Теңир тааным болуп эсептелет.

Теңир обьективдүү, теңир тааным – субьективдүү категория. Теңирчилик түшүнүгүнүн тарыхый аппараты тууралуу белгилүү тарыхчы М.Абрамзон мындай дейт: «Эң башкы Кудай, Асман Теңир. Теңирди эң эле байыркы, изи

дээрлик жок болуп кеткен түшүнүк катары эсептөөгө болот». Теңир кыргыздар үчүн мусулмандын Аллахка болгон ишеними.

Жалпылап айтканда, Теңир – исламдан мурда кудайлаштырылган Асман, ал табигый кубулуштардын, нерселердин, реалдуулуктун пайда болуу себеби.

Теңир – субстанция катары жаратуучу жана кудуретти багыттоочу күч, тартиптин башаты, жакшылык менен жамандыктын булагы. Ислам removed дининде бул сыпат – «хаким» түшүнүгүнүн синоними. Адамдардын кайгы-муңу, азап менен бактысыздыгы, ошондой эле жыргалчылык менен бакыт Теңирдин эркине жараша болгон. Ушундан улам, коогаланда – «Теңир колдо», алкышта – «Теңир жалга», каргышта – «Теңир урсун» деп кайрылышкан.

Ошентип, Теңир – болмуштун трансценденттик дүйнөсү, бир эле учурда рух, дене жана алардын биримдиги. Дүйнө таанымдын мындай идеясы «көчмөндөрдүн дүйнөтаанымы» деп аталганы тарыхтын, цивилизациянын магистралынан четтеп, обочолотуу кечирилгис жаңылыштык болоор эле.

Ушуга байланыштуу, «цивилизациянын башаты, очогу» аталган байыркы Кытай философиясынын идеяларына кайрылып көрөлү: «Ал хаостон чачылган, жерден, көктөн мурда ачылган, үн десең үнү жок, түр десең түрү жок! Жалгыз жана көрүнгүс. Чар тарапка багыт алган жолу ачык. Оңу ачык, солу ачык. Дүйнө өмүрдүн эгеси да, энеси да. Айтайын дейм, атын билбейм, заттын нускасы бир гана «Дао» деп нускайм. Чегин сурасаң чексиз, чексиздиги ой жеткис. Түбөлүктүүнүн түбүнө арылдайт, түбү жок, жан-жагына ачылып, жайылып жатып бүткөн Дао улук, Теңир улук, эл эгеси сен улук, адам жерди эмет, Жер Теңирге өнөт, Тенир Даого танат, Дао бакытка ашат («Древнекитайская философия» Дао де цзин. 25 глава).

Учурдагы философиялык адабияттарда «Дао» - «путь», ошону менен бирге «Дэ» түшүнүгү да бар. «Дао рождает единое. Единое рождает два начала: инь и янь. Два начала рождают третье. Третье порождает все сущее. Все существо носят в себе инь и янь, наполнены ци и образуют гармонию («Древнекитайская философия» Дао дэ цзин. 42 глава).

Ушул идеялардын параллелдеринен, маанисинин шайкештигинен Теңир таанымда кытай философиясынын категориялары камтылып тургандыгы айкын, шексиз. Андыктан Теңирчиликтен нукура философиялык концепцияны аныктоого аргасыз болобуз.

Философия багытындагы дүйнө башатынын туюнтмасы болгон категорияларды «Теңир», «Дао» илимдеги «физический ваакум» («физическая пустота»), грек философиясындагы «Архе», «Нус», диндеги «Бог», «Аллахты» түшүндүрүп, өз ара салыштырмалуу, өтө кызыктуу жыйынтыктарга алып келет.

Эми Теңирчиликтеги дүйнөнүн курамы маселесине токтолсок, анда төмөндөгү кубулушту көрөбүз. Болмуш теңирчилик боюнча карама-каршы күчтөрдүн биримдигинен турат: өмүр-өлүм, күн-түн, аял-эркек, ысык-суук, катуу-жумшак ж.б. Ушул кубулуштар Кытай философиясында «инь» жана «янь» категориясында туюнтулат. Ал эми учурдагы илим ушул кубулушту «двоичность мира» «симметричный мир» деген категориялар менен туюнтат.

Теңирчиликтеги түшүнүктөр Кытай философиясы, ошондой эле азыркы илимдин жетишкендиктери үндөшкөндүгүнө, шайкештигине үндөшүп, шайкешкенине күбө болобуз.

Теңир таанымга дагы бир аспектиде кайрылабыз: ал материалдуу, реалдуу дүйнө, анын көрүнүштөрү «үн десең үнү жок, түр десең түр жок» Теңирден

жаралган анын туюнтмасы, болумуш. Ушул эле түшүнүктү Кытай философиясынын категориясында «бытье есть Дэ, Дэ есть определенный Дао», дин боюнча «тождественность субьекта и обьекта в определенном смысле» деп берилген.

Мына ошондуктан болмуштун көрүнүштөрү: «Жер, Суу, От, Аба, Зат, Жаныбарлар, Өсүмдүктөр дүйнөсү», «вся и все» ж.б. улуулуктун туюнтмасы катары сырдуу (сакральный) касиеттерге ээ. Андыктан адамдар аларга сый – урмат мамиле күтүүсү зарыл. Ушул эле идеядан табияттын бүгүнкү сырдуу кубулуштарына Тибеттен Шамбала, Бермуд үч бурчтугу, Пирамидалар феномени ж.б. байланыштуу, өтө кызыктуу гипотезалар жаралган.

Кыргыз элинин реалдуу салттары, сууга болгон мамилеси. Кыргыз түшүнүгүндө суу жандуу, ага карата өзгөчө мамиле төмөнкү макалдарында айтылат: «Сууга түкүрбө», «Суунун сурагы бар», «Суу ээси Сулайман», «Булганган суу кырк кадамдан кийин адал», «Суу ууртап анташуу», «Башынан суу тегерет», «Жаман түштү сууга айт» ж.б.

… Алты катар асманды,
Жарып чыккан аккан суу.
Адам менен Обону,
Багып чыккан аккан суу.
…Жаралганга тегинен,
Тунук болгон аккан суу.
Тазалыгы жагынан,
Карап турсаң баарынан,
Улук болгон аккан суу.

Теңир тааным кубулушун аналитикалык маанайда карасак, социалдык феномендерге да таасирин тийгизген.

Мисалы, бир үй-бүлөдөгү түзүлүш төмөнкүчө камтылган, бир муундун өкүлдөрү эркек-аял алдыда, андан кийин ортоңку муун, соңунда кийинки муундар орун алган. Эми тартип боюнча алдыда эркек, артында аял адам орун алат. Бул күнүмдүк турмуштагы көрүнүш бир бүтүндүк, мамиле, иреттүүлүк категориялары камтылган. Демек, мында жол категориясы жатат, «Дао» - ар нерсенин, ар кимдин өз ордун көрсөтүп турат. Тенир философиясында «Ар нерсенин өзүнүн жолу бар», «жол – дао» турмуштун түрдүү жагдайларына карата айтылып, ал категориянын универсалдык мүнөзүн айкындайт. «Өмүрдүн өз жолу бар», «Кимдин жолу улуу», «Жолдуу адам», «Жолдошту жол айрыйт» ж.б.

Теңир салтында процесс оңдон солго: ушундан улам Жер шарынын оңдон солго тегеренээри, Галактикалардын спиралдары оңдон солго буралганы, оң кол менен саламдашуу, оң тараптан баштап суу куюлганы, тамак сунулганы, оң бут менен кирүү, оңдун соңунан сол келет – бул жол болуп эсептелет. Оңдон солго багытталуунун универсалдуу кубулушунун жообу ушундай.

Учурдагы ааламдашуу процессинде кыргыз элинин кайра жаралуу проблемасы сырткы жана ички шарттар менен актуалдашып турганда улут катары жаратып келген элибиздин рух дүйнөсүнө жуурулушуп сиңген теңирчиликтин идеяларынан буйтай албайбыз. Теңир тааным - кыргыздын көөнөрбөс руханий кенчи.

**Адабияттар:**

1. Жеңижок. Ырлар. - Ф., 1982.
2. Древнекитайская философия. Эпоха Хань. - М., 1990.
3. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. - Б., 1995.
4. Философско-энциклопедический словарь. - М., 1983.